# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТАРЫХЫН ЖАРАТКАН АЙЫМДАР

# ЖЕНЩИНЫ, СОЗДАВШИЕ ИСТОРИЮ КЫРГЫЗСТАНА

ООН ЖЕНЩИНЫ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

UNDP



# КУРМАНЖАН ДАТКА

(1811-1907)

1832-жылдан 1876-жылга чейин Алайды башкарган биринчи аял.

1862-жылы "Датка" наамы ыйгарылган. Курманжан Датка Алайдын көз карандысыздыгын сактап кала алган, элдин урмат-сыйына татыган башкаруучу болгон. Эл Курманжан датканы "Алай ханышасы", "Түштүк ханышасы" жана "Журт энеси" деп аташкан.

Первая женщина - правительница Алая с 1832 по 1876 годы.

В 1862 году получила звание «Датка». Курманжан Датка сумела сохранить независимость Алая, пользовалась всеобщим уважением. Ее называли «Алайская царица», «Королева Юга» и «Мать нации».

ООН ЖЕНЩИНЫ
Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation
UNDP



# ОСМОНОВА ТУРСУН

(1900-1970)

Мамлекеттин социалдык камсыздоо тармагындагы биринчи министр аял.

Кыргызстанда кыз-келиндердин кыймылын биринчилерден болуп уюштурган.

1925-жылы биринчи кыргыз аялдары менен кошо Бүткүл союздук коммунисттик партиянын катарына кирген.

Ленин, Эмгек Кызыл Туу жана "Ардак Белгиси" ордендери менен сыйланган.

Орус, өзбек, татар тилдеринде сүйлөгөн.

Первая женщина - министр социального обеспечения страны.

Одна из первых организаторов женского движения в Кыргызстане.

Первой из кыргызок в 1925 г. вступила в ряды Всесоюзной коммунистической партии.

Была награждена орденами Ленина, Трудового Красного Знамени, «Знак Почета».

Владела русским, узбекским, татарским языками.

ООН ЖЕНЩИНЫ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

UNDP



# МАРДИЕВА РУКИЯ ГАЯЗОВНА

(1900-1992)

Кыргызстанда мусулман аялдардын эркиндиги үчүн күрөшкөн биринчи аялдардын бири.

1920- жана 1930- жылдары советтик Орто Азияда жүзөгө ашырылган жана кыз-келиндердин статусун жогорулатууну көздөгөн 25 миңдиктердин “Худжум” кыймылынын активисти.

Өз эне тили татар тилинде, кыргыз, орус, өзбек жана уйгур тилдеринде сүйлөгөн.

Одна из первых в Кыргызстане выступала за раскрепощение женщин-мусульманок.

Активистка движения 25 тысячников «Худжум» – кампании, осуществлявшейся в 1920-е – 1930-е годы в советской Средней Азии и направленной на повышение статуса женщин.

Владела родным татарским, кыргызским, русским, узбекским, уйгурским языками.

ООН ЖЕНЩИНЫ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

UNDP



# САЛИЕВА УРКУЯ

(1910-1934)

Айылдык кеңештин төрагасынын милдетин аткарган биринчи аял.

19 жашында “Кызыл-Аскер” колхозунун биринчи төрагасы болгон.

1920-жылдары Кыргыз автономдук республикасынын Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөсү болгон.

Советтер съездинин делегаты жана Борбордук Аткаруу Комитетинин мүчөсү болгон.

Уркуя Салиева эркиндик менен тең укуктуулукка умтулган аялдын образын чагылдырган символ болуп калды.

Первая женщина-председатель сельского совета.

В 19 лет стала первым председателем колхоза «Кызыл-Аскер».

В 1920-е годы была членом Центрального исполнительного комитета Кыргызской автономной республики.

Делегат съезда Советов и член Центрального Исполнительного Комитета.

Она стала символом, олицетворяющим образ женщины, стремящейся к свободе и равноправию.

ООН ЖЕНЩИНЫ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

UNDP



# СТРЕЛЬНИКОВА ФЕОДОСИЯ АФАНАСЬЕВНА

(1900 - 1957)

1924-жылы Феодосия Кант районундагы “Аламедин” асыл тукум малын өстүрүүчү совхоздо иштегенбиринчи аялдардын бири болгон.

1932-жылы окумуштуу зоотехниктердин тобуна кошулуп, бүткүл республика боюнча малдын тукумун жакшыртуучу үйүрдү түзүүгө киришкен. Феодосиянын түздөн-түз катышуусу менен, ири мүйүздүү малдын “алатоо” деп аталган тукуму жаралган.

СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, СССРдин Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз ССРнин депутаты.

В числе первых женщин в 1924 г. Феодосия становится работником племенноводческого совхоза «Аламедин» Кантского района.

В 1932 г. в группе с учеными-зоотехниками взялась за создание стада для улучшения породистости животных всей республики. При ее непосредственном участии была выведена «алатооская» порода крупного рогатого скота.

Лауреат Государственной премии СССР, депутат Верховного Совета СССР и Киргизской ССР.

ООН ЖЕНЩИНЫ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

U N D P



# РЫСКУЛОВА КАКИШ

(1918-2018)

Алгач медициналык илимдердин кандидаты, андан соң доктору болгон биринчи кыргыз аял.

Борбордук Азияда академик наамын алган биринчи хирург аял.

Республиканын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына үч жолу шайланган. Ленин ордени, эки жолу "Ардак Белгиси" ордендери, медалдар менен сыйланган.

Медициналык илимдердин 6 докторун жана 20 кандидатын даярдап чыгарган.

250 ашуун илимий иш, 13 монография жазып, 11 жаңы нерсе ойлоп чыгып, 47 рационализатордук сунуш жана 4 окуу куралын иштеп чыккан.

Первая женщина-кыргызка, ставшая кандидатом, а затем доктором медицинских наук.

Первая в Центральной Азии женщина-хирург, получившая звание академика.

Трижды избиралась депутатом Верховного Совета республики. Награждена орденом Ленина, двумя орденами «Знак Почета», медалями.

Подготовила 6 докторов и 20 кандидатов медицинских наук.

Ею опубликовано более 250 научных работ, 13 монографий, 11 изобретений, внедрено 47 рационализаторских предложений, 4 учебника.

ООН ЖЕНЩИНЫ
Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation
UNDP



# АЙДАРБЕКОВА РАФА ИМАНАЛИЕВНА

(1918-1996)

Кыргыз аялдарынын ичинен биринчи аскер врачы, медициналык илимдердин кандидаты, доценти, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы.

Фронтто капитандын жана подполковниктин наамын алган биринчи кыргыз аял. Согуш жылдары хирург Айдарбекова 800 жакын операция жасаган.

Ленин жана Экинчи даражадагы Атамекендик согуш ордени, Кызыл Жылдыз ордени, 14 медаль менен сыйланган.

Первая женщина-кыргызка - военный врач, кандидат медицинских наук, доцент, заслуженный врач республики.

Первая кыргызская женщина на фронте, получившая звание капитана и подполковника. За годы войны хирург Айдарбекова сделала около 800 операций.

Награждена орденами Ленина и Отечественной войны II степени, Красной Звезды, 14 медалями.

ООН ЖЕНЩИНЫ
Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation
U N D P





В Дели произошла ее дружеская встреча с премьер-министром Индирой Ганди.

# БЕГМАТОВА САКИН

(1921-1981)

БУУда Советтер Союзунун өкүлү болгон биринчи кыргыз аялы.

Кыргызстандын Тышкы иштер министри, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кеңешинин төрагасынын орун басары. Бегматова Сакиндин демилгеси менен, СССРде алдыңкы жоболордун бири деп таанылган “Кыргыз ССРдеги Кыз-келиндер кеңештери тууралуу жобо” кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын төрт чакырылышындагы Жогорку Кеңешинин депутаты, алтынчы чакырылыштагы СССРдин Жогорку Кеңешинин депутаты, СССРдин Жогорку Кеңешинин Улуттар Кеңешинин төрагасынын орун басары.

Бегматова кыз-келиндер кыймылынын өнүгүүсүнө зор салым кошуп, 19 жыл бою Советтер Союзунун Кыз-келиндер Комитетинин Президиумунун курамына кирип, эларалык кыз-келиндер конгресстеринин жана конференцияларынын катышуучусу болгон. Анын жетекчилиги астында Кыргызстандагы кыз-келиндердин V-VII съезддери өткөргөн.

Первая кыргызка, представлявшая Советский Союз в ООН.

Министр иностранных дел Кыргызстана, заместитель председателя Совета Министров республики. По ее инициативе было принято «Положение о Женских советах в Киргизской ССР», признанное одним из передовых в СССР.

Депутат Верховного Совета республики четырех созывов, депутат Верховного Совета СССР шестого созыва, заместитель председателя Совета Национальностей Верховного Совета СССР.

Бегматова внесла заметный вклад в развитие женского движения, 19 лет входила в состав Президиума Комитета советских женщин, участница международных женских конгрессов и конференций. Под её руководством проведены V- VII съезды женщин Кыргызстана.

ООН ЖЕНЩИНЫ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

U N
D P



# КОНДУЧАЛОВА КУЛУЙПА

(1920-2013)

Кыргыз ССРнин Тышкы иштер министринин милдетин аткарган биринчи аял. “Тянь-Шандык темир айымы” деген атка конгон. Мамлекеттик жана коомдук ишмер, “Кыргыз Республикасынын Баатыры” деген наам ыйгарылып, “Ак Шумкар” төш белгиси менен сыйланган.

22 жыл бою Кыргыз ССРнин Маданият министрлигин жетектеп келген. Күлүйпа Кондучалованын аракети менен кыргыз балети жана кино жааты гүлдөп өнүккөн.

Сулайман-Тоого эларалык статусту ыйгарып, Ысык-Атадагы илгерки Будданын сүрөтүнүн сакталып калышына кошкон салымы баа жеткис.

Первая женщина - Министр иностранных дел Кыргызской ССР. Её называли «железной леди Тянь-Шаня». Государственный и общественный деятель, награждена званием «Герой Кыргызской Республики» и нагрудным знаком «Ак Шумкар».

На протяжении 22 лет она руководила Министерством культуры КССР. Благодаря ее стараниям произошел рассвет кыргызского балета и кино.

Одна из ее заслуг это придание международного статуса горе Сулайман-Тоо и сохранение древнего изображения Будды в Иссык-Ате.

ООН ЖЕНЩИНЫ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

UNDP



# БЕЙШЕНАЛИЕВА БҮБҮСАРА

(1926-1973)

Кыргыз Республикасынын биринчи улуттук жылдызы жана балеринасы, СССРдин элдик артисти. Бүбүсара Бейшеналиеванын “Кыргыз балетинин жылдызы” деп аташкан.

1941-жылы Абдылас Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук опера жана балет театрынын биринчи солисткасы болгон. Бүбүсара “Селкинчек”, “Чолпон”, “Раймонда”, “Бахчисарай фонтаны”, “Ак куулар көлү”, “Куйручук” сыяктуу көптөгөн балеттерде 20 партия аткарган.

1994-жылы Кыргызстандын аймагында Бүбүсара Бейшеналиеванын сүрөтү чагылдырылган 5 сомдук банкнота ишке киргизилген.

Первая национальная звезда и балерина республики, народная артистка СССР.  Её называли «Звезда кыргызского балета».

В 1941 году, она стала первой солисткой Кыргызского театра оперы и балета имени Абдыласа Малдыбаева. Бубусара исполнила 20 партий в балетах «Селкинчек», «Чолпон», «Раймонда», «Бахчисарайский фонтан», «Лебединое озеро», «Куйручук» и многих других.

В 1994 году на территории Кыргызстана введена в обращение банкнота номиналом 5 сом с её изображением.





ООН ЖЕНЩИНЫ

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation

UNDP



# РОЗА ИСАКОВНА ОТУНБАЕВА

Борбордук Азиядагы биринчи Президент аял,

БУУнун Баш катчылыгынын алдындагы медиация боюнча жогорку деңгээлдеги кеңешчилердин тобунун мүчөсү, Мадрид клубунун мүчөсү, "Роза Отунбаеванын демилгеси" Эларалык Коомдук Фонддун негиздөөчүсү жана демилгечиси.

Кыргыз өкмөтүнүн башчысынын эки жолку орун басары, төрт жолку Тышкы иштер министри.

Кыргыз Республикасынын АКШдагы жана Канададагы, Бириккен Улуу Британия Падышалыгындагы жана Түндүк Ирландиядагы биринчи Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси.

Первая женщина-Президент в Центральной Азии, член группы советников высокого уровня по медиации при Генеральном секретаре ООН, член Мадридского клуба, основатель и вдохновитель Международного Общественного Фонда «Инициатива Розы Отунбаевой».

Дважды заместитель главы правительства Кыргызстана, четырежды министр иностранных дел.

Первый Чрезвычайный и Полномочный Посол Кыргызской Республики в США и Канаде, в Объединенном Королевстве Великобритании и Северной Ирландии.




# ВАЛЕНТИНА АНАТОЛЬЕВНА ШЕВЧЕНКО

UFCнин кыз-келиндер рейтингинде эң жеңил салмактагы биринчи чемпион кыз. Аралаш мушташ түрлөрүнүн мушкери.

Тхеквондо менен 5 жашында машыга баштаган, ал эми 12 жашында кесипкөй деңгээлдеги биринчи мушташына чыккан.

Аралаш мушташ боюнча алгачкы беттешүүсүнө 14 жашында чыккан.

Бүткүл Дүйнөлүк Мушташ Өнөрлөрүнүн эки жолку жеңүүчүсү.

Түштүк Американын чемпиону жана муай-тай боюнча панамерикалык чемпион.

“Дүйнөдөгү мыкты таймушкер аял” наамын алган.

Первая чемпионка в женском рейтинге наилегчайшего веса в UFC. Боец смешанных единоборств.

Начала заниматься тхеквондо в 5 лет, а в 12 лет она провела свой первый профессиональный бой.

Первый бой по смешанным единоборствам провела в 14 лет.

Двух кратная победительница Всемирных Игр Боевых Искусств.

Чемпионка Южной Америки и панамериканская чемпионка по муай-тай.

Обладает званием «Лучшая женщина-тайбоксёр мира».

ООН ЖЕНЩИНЫ
Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation
UNDP



# АЙСУЛУУ БОЛОТОВНА ТЫНЫБЕКОВА

Кыргызстандын тарыхында 62 кг чейин салмак категориясындагы кыз-келиндер күрөшү боюнча биринчи дүйнө чемпиону.

Азиянын үч жолку чемпиону (2016, 2017, 2019), Дүйнө чемпиону (2019) жана дүйнөлүк чемпионаттын призеру (2017)

Азия оюндарынын чемпиону (2018) жана призеру (2014).

2019-жылы United World Wrestling (UWW) уюму Айсулууга “Тарыхты жаратуучулар” титулун ыйгарган.

“Дүйнөнүн чемпиону болууну кыялданчумун. Эми тилегиме жеттим. Бул менин командамдын жана өлкөмдүн жеңиши” (А.Тыныбекова).

Первая в истории Кыргызстана чемпионка мира по женской борьбе в весовой категории до 62 кг.


Трёхкратная чемпионка Азии (2016, 2017, 2019), Чемпионка мира (2019) и призер чемпионата мира (2017)

Чемпионка (2018) и призер Азиатских Игр (2014).

В 2019 году она стала обладательницей титула «Создатели истории» от United World Wrestling (UWW).

«Стать чемпионом мира – мечта. Теперь моя мечта сбылась. Эта победа для моей команды и моей страны» (А.Тыныбекова).

ООН ЖЕНЩИНЫ
Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra
Swiss Confederation
U N D P



# САРТБАЕВА АСЕЛЬ

Борбордук Азиядагы дүйнөгө атагы чыккан биринчи окумуштуу аялдардын бири.

Хансон атындагы жогорку даражадагы медаль менен сыйланып, Улуу Британия Падышалыгынын химиялык коомунун химия жаатындагы 175 дүйнөлүк окумуштуулардын тизмесине кирген.

Асель 30 ашуун рецензиялануучу илимий макалаларды жана китептердин бөлүмдөрүн жазып, 40 ашуун эларалык конференцияларда негизги докладчы же пленардык докладчы катары чакырылып, эларалык үч илимий конференцияны уюштурган.

Илимдер доктору Асель Сартбаеванын жетекчилиги астындагы окумуштуулар тобу IChemE Global Awards 2017 иш-чарасында "Биотехнология" категориясында, химиялык технологиялар жаатындагы жогорку даражадагы сыйлыктардын бирине ээ болушкан.

2017-жылы Wise World Award сыйлыгын алган.

Одна из первых всемирно признанных женщин-ученых из Центральной Азии.

Удостоена престижной награды — медали имени Хансона и вошла в список 175 мировых ученых в области химии Королевского химического общества Великобритании.

Асель написала более 30 рецензируемых научных статей и глав книг и выступила в качестве приглашенного основного докладчика или пленарного докладчика на более чем 40 международных конференциях и организовала три международные научные конференции.

Группа учёных во главе с доктором наук Асель Сартбаевой получила премию в категории «Биотехнология» на IChemE Global Awards 2017 — одной из самых престижных премий в области химических технологий.

В 2017 году была удостоена награды Wise World Award.



# МАДЖИКОВА САНИРА

Кыздардын IT тармагындагы адистер менен баарлашуу аянтчаларына катышуусуна жана программалоону үйрөнүүсүнө шарт түзгөн студенттик IT клубдардын тармагынын негиздөөчүлөрүнүн бири. Санира адистер тобу менен биргеликте Кыргызстандын жашоочуларына турмушу оор кырдаалда турган адамдарга жардам сурап кайрылууга жана маалымат алмашууга мүмкүнчүлүк берген “Жардам берем” IT тиркемесин иштеп чыккан. Бул тиркеменин натыйжалуулугу Covid-19 пандемияга каршы күрөшүү учурунда тастыкталды.

Со-основательница сети студенческих IT-клубов, продвигающих возможности для девушек участвовать в диалоговых платформах с IT специалистами и обучаться программированию.

Совместно с группой специалистов, Санира разработала IT приложение «Жардам берем», позволяющее жителям Кыргызстана обмениваться информацией о запросах на помощь для людей в трудной ситуации. Эффективность данного приложения была подтверждена во время борьбы с пандемией Ковид-19.

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Swiss Confederation